Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi | Cilt: 1 | Sayı: 1 | 2012
Manas Journal of Social Studies | Vol.: 1 | No: 1 | 2012

# КАН-ДӨБӨДӨГҮ АРХЕОЛОГИЯЛЫК КАЗУУЛАР

**Проф., др. Ремзи АТАОГЛЫ**
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тарых бөлүмү
*remzi51@yahoo.com*

**Проф., др. Кубатбек ТАБАЛДИЕВ**
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тарых бөлүмү
*tabaldiyev@yahoo.com*

**Др. (PhD) Алпаслан АШЫК**
Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин тарых бөлүмү
*ashik.alpaslan@hotmail.com*

**Özet**

Manas Üniversitesi 2010 yılı itibarı ile Teskey Ala-Too'nun (Isık Göl'ün güneyinde bulunan Tanrı Dağları) Ton Bölgesindeki Karahanlılara ait Kan-Döbö şehir kalıntılarını araştırmaya başlamıştır. Akeolojik eserler bakımından oldukça zengin olan Han Tepe kurulduğu ilk dönemlerden itibaren önemli kişilere ve hükümdarlara ev sahipliği yapmıştır. Şehir, Gök Türkler ve Karahanlılar döneminde de önemini korumuştur. Han Tepe şehri kalıntısında yürüttüğümüz araştırmaların temel amaçların birisi de, Ortaçağda yerleşik hayata geçerek kaleler inşa eden halkların kültürünü araştırmaktır. Bununla birlikte şehirleşmeye, el anatlarına, metal işletmeciliğine, hayvancılığa ve epigrafik eserlere ilişkin çarpıcı bilgilere ulaşılmıştır. Buluntulaın önemli bir bölümünü ise kaya yazıları oluşturmaktadır. Henüz tam anlamı ile okunmayan bu kaya yazıları atalarımızın yazı medeniyetinin aydınlatılması için aynak olarak kullanılabilir. Belki de bazılarında önemli tarihi bilgiler yer almaktadır.

**Anahtar kelimeler:** Han-Tepe, arkeolojik buluntu, Karahanlılar, Türk Kağanlığı, Ortaçağ.

## ARCHAEOLOGICAL EXCAVATIONS IN KAN-DOBO

**Abstract**

In 2010 Kyrgyzstan-Tyrkey Manas University started research into Kan-Dobo monumentwhich is located in Ton district of Teskey Ala-Too. Kan-Dobo is rich in

ISSN: 1624-7215

archeological findings. From the ancient times, it was a favorable place where many outstanding people and rulers lived. They preserved their importance even in the Middle Ages at the time of Turkic Kaganate when the Karahaniys governed. The main goal of our research in Kan Dobo is to study the culture of the nation that settled, built fortresses, and lived in the Middle Ages. In addition, information related to bulding towns, handcrafting, metal works, farming and writing is being collected. Researches in Kan Dobo will continue in 2012.

**Key words**: Kan-Dobo, archeological findings, Middle Ages, Turkic Kaganate, medieval.

2010-2011-жылдары июль айында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин археологиялык экспедициясы Кан-Дөбө эстелигиндеги ишин улантты. Изилдөө иштери Кан-Дөбө деп аталган орто кылымдардагы Тоң шаарынын бир объектисинде жана анын айланасындагы ар кыл доорлорго таандык археологиялык эстеликтерде жүргүзүлдү. Биз бул чакан макалада алгачкы изилдөөлөрүбүздүн натыйжалары менен тааныштыруу милдетин гана койдук. Ал эми толук баяндама келечектеги изилдөө иштеринин натыйжаларынын негизинде басмага даярдалмакчы.

1970-жылдары Кан-Дөбө чеби жайгашкан жерде сугат суусун топтоо үчүн суу топтоочу жай (дамба) куруу башталып, эстелик бузулуу коркунучу алдында турган. Курулуш алдында изилдөөгө келген археологдор чептин өзүндө казуу иштерин жүргүзүшкөн эмес. Болжолу, үч жерде чалгындоо шурфу казылган. Ошону менен катар Кан-Дөбө жайгашкан Туура-Суу айылындагы айрым айкелдер тууралуу маалыматтар топтолгон. Негизги археологиялык казуулар орто кылымга таандык мүрзөдө (некрополдо) жана Кан-Дөбөгө жакын жердеги Туура-Суунун тектириндеги эрте көчмөндөр көрүстөнүндө жүргүзүлгөн. Ошол экспедициянын маанилүү иштеринин бири Тоң районунун археологиялык картасынын түзүшү болуп саналат. Бул маалыматтар Ысык-Көл облусундагы археологиялык эстеликтерге арналган макалалар жыйнагында жарык көргөн (Археологические памятники Прииссыккулья, 1975).

2008-жылы май айында Кан-Дөбөгө барып, эстелик менен таанышуу иши уюштурулган (Сушкова, 2008). Ошол эле жылы келечектеги иштерди пландоо максатында археологиялык чалгындоо иштери аткарылган (Атаоглы, Табалдиев, Ашык & Белек, 2010: 8-9). Бир гана күндүк жүрүштө жасалыш чеберчилиги боюнча чанда кездешүүчү айкел казылып алынган. Ушундай эле чеберчиликте жасалган айкелдин башы Туура-Суу айылындагы орто мектептин короосунан табылган. Айылдын тургундарынан сурамжылоо учурунда Кан-Дөбө айланасынан табылган билерик, шакек жана чырактын түбү сүрөткө тартылып алынган. Кан-Дөбө жана анын айланасы сүрөткө тартылып, келечекте казуу иштеринин болжолдуу пландары түзүлгөн.

Биз Кан-Дөбөдө археологиялык казуу жүргүзүү аркылуу алгач эстеликтин хронологиясын аныктоо; археологиялык эстеликтин айланасын–дагы башка доорлордун эстеликтерин ачуу сыяктуу милдеттерди койдук.

2010-жылы Кан-Дөбөнүн цитаделинде чакан казуу жүргүзүлдү. Жогорку катмардан бышкан кирпич менен курулган бөлмөнүн полунун калдыгы табылды. Ушул жерге жакын жерде бышырылбаган кирпич менен курулган дубалдын калдыгы тазаланды. 1972-жылы бульдозер менен түртүлгөн топурак атайын торчо менен еленди. Топурак арасынан чопо идиштин, айнектин, колонун сыныктары табылды. Чопо идиштер, жасалыш ыкмасына, өзгөчөлүгүнө караганда, Карахандар династиясы бийлик кылган учурга таандык. Ушул сыяктуу чопо идиштер Чүй жергесиндеги X-XII кылымдарга таандык эстеликтерде көп кездешет.



**1 сүрөт.** *Кан-Дөбө*

Батыш тараптагы дубалдын түзүлүшүн аныктоо үчүн жүргүзүлгөн казууда таза топурак жана шагылдуу топурак менен кезектештире куюлган катмарлар ачылды. Мурда бузулган дубалдын жара кесилиши да ушундай түзүлүштө экен. Ушундай тартипте чептерди куруу – Орто Азиядагы байыркы курулуш иштерине мүнөздүү көрүнүш. Чептин ички тарабында чепке улай курулган курулуштун изи байкалбайт. Түштүк тараптагы дубалдын эки жеринде ички бетин бойлой кеткен тектирче даана байкалат. Ал тектирченин бири дубалдын түбүн бойлой кеткен, жапыз, бийиктиги 1 метр чамасында. Экинчи бир дубал тектирчеси дубалдын жогорку ички тарабын бойлой кеткен. Баамдаганга карганда, дубалдын жогорку тарабын бойлой басып, сыртка көз чаптырып басканга ылайык курулгандай.

Келечектеги изилдөөдө чептин дубалында бири-биринен 25-30 метр аралыкта тургузулган кароол мунараларынын түзүлүшүн аныктоо милдети турат.

Кан-Дөбөнүн жогору жагындагы тоо этегинде орто кылымдарга таандык күмбөздөр жайгашкан. Бири казылып, көп адамдын сөөк

калдыктары, тыйын табылды. Монета кытайдын Тан династиясы (б.э. 600-900-жж.) учурундагы «кай юань тунбао» тыйындарына окшоп кетет.

Экспедиция учурунда Туура-Суу айылынын айланасындагы жана Тоңдун ички өрөөнүндөгү археологиялык эстеликтер менен таанышууга чыгып турдук. Жергиликтүү элден маалымат топтоо көп натыйжаларды берди. Биз жергиликтүү край таануучу, мураскер Олжобай Сагынбаев аркылуу көп жаңы маалыматтарды алдык. Ал илим чөйрөсүнө белгисиз орто кылымдагы чептер, айкелдер, таштагы жазууларды каттоого көмөкчү болду (Атаоглы, Табалдиев, Ашык & Белек, 2010, s. 36-37).

Кан-Дөбөнүн түштүк тарабы тоого ыктай жайгашкан. Бир коктусунда «Кулгуна» аттуу булак бар. Ал булак–жергиликтүү элдин ишениминде Тоң жергесиндеги ыйык булактардын бири. Тоо этектеринде жана беттеринде эрте темир дооруна мүнөздүү петроглифтер кездешет. Айрым таштарда араб графикасында жазылган кийинки жүз жылдыктардагы жазуулар бар. Жергиликтүү элдин айтымында бул тоо этегинде жайгашкан Кулгуна булагына зыяратчылар келип турат.

Туура-Суу айылы жана анын батыш тарабындагы Кан-Дөбө жайгашкан аймактагы коңшу бийик тоолор сүрөткө тартылды. Бул жер Ысык-Көл менен Тескей Ала-Тоо кыркасынын ортосунда жайгашкан өзгөчө бир өрөөнчө болгону бийиктен жакшы баамдалып турат. Өрөөнчө чыгыш тарабындагы жергиликтүү элге таанымал деңиз деңгээлинен 3847 м бийик Тастар-Ата (Таштар-Ата) чокусу турган жерден башталат.

Тастар-Ата орто кылымдагы түрк тилдүү элдердин диний ишеними аткарылуучу Тоо культу менен тыгыз байланыштуу. Азыркы учурда жергиликтүү калктын айрымдары ал тоого чыгып келишет. Тастар-Ата ишенимин изилдөө максатында этнографиялык багытта изилдөө иштеринин зарылчылыгы бар. Ушундай Тастар-Ата аттуу ыйык чокулар Жумгал, Алай

райондорунда да бар.

Кан-Дөбө жайгашкан өрөөнчө батышта Кош-Дөбө аттуу жерде аяктайт. Байыркы мезгилдерден бери көп диний ишенимдер аткарылган жердин бири болгонун ал жерден табылган археологиялык эстеликтер аныктап турат. Эки чокуну бириктирген аралыктын батыш тарабында болжолу коло дооруна таандык төрт чарчы коргончолор жайгашкан. Коргончолор көлөмдүү жалпак таштарды тикесинен тизип орнотуу менен курулган. Аларга жакын жерде Батыш Түрк каганаты мезгилинде маркум жоокерге, уруу мүчөлөрүнө арналып тургузулган коргончолор жайгашкан. Ушул эле батыш аймакта орто кылымдагы түрк айкелдери кездешет. Жакын жерде сак мезгилине таандык көлөмдүү көрүстөндөр жайгашкан. Өрөөндүн батыш чек арасындагы аска таштарда кеминде 2 миң жыл илгери тартылган бугу, эчки-текелердин сүрөттөрү кездешет. Кош-Дөбөнүн күн батыш тарабындагы казууларда таш дооруна таандык таш курал табылды. Ал табылга азырынча өрөөндөгү эң байыркы адам изи болуп саналат.

Жалпылап айтканда, Тастар-Атадан тартып Кош-Дөбөгө чейинки өрөөнчө түркүн археологиялык эстеликтерге бай жер катары таанымал.

Өрөөндүн түндүк тарабында, Туура-Суу суусунун чыгыш жагында 1970-жылдары сак-усундар мезгилине таандык көлөмдүү кургандар изилденген. Көрүстөндөр илгерки мезгилде эле көркоолор тарабынан уурдалганы менен маанилүү маалыматтар алынган. Эң көрүнүктүү табылга – алтындан куюп жасалган узундугу 1,5 см келген жейрендин скультпурасы. Бул сыяктуу бугу же башка жаныбардын скульптурасы б.з.ч. V-III сак маданиятына тиешелүү болгону Жети-Суудагы археологиялык изилдөөлөрдө далилденген. Скульптура сактардын кийизден жасалган баш кийиминин дал чокусуна орноштурулган. Баш кийимге жана териден ийлеп жасалган сырткы кийимге дагы алтындан же колодон жасалган бастырмалар бекитилген. Бул

сыяктуу жасалгалуу кийимдер уруу башчыларынын салтанатка кийүүчү кийими болуп саналат. Ошону менен бирге бул кийимдер балакаттан өтүп жоокер катарына кабыл алынуучу салтанатта да кийилгени маалым. Ушул табылгалардан улам Туура-Суудагы сак көрүстөнү сак коомунун мартабалуу инсандары көмүлө турган жер болгонун болжоого болот.

Туура-Суу көрүстөнүнүн дагы бир өзгөчөлүгү эрте темир дооруна мүнөздүү таштан курулган маркумду көмүүчү жайлардын табылышы болуп саналат. Ушул сыяктуу таш табыттар Кочкор өрөөнүндө археолог Асан Абетеков тарабынан изилденген. Ал экспедицияга авторлордун бири Кубатбек Табалдиев катышкан. Ушул сыяктуу эстеликтер сак маданияты тараган учурга тиешелүү деп жалпы мүнөздөлөт. Россиялык археолог П.П.Азбелевдин пикиринде, ушул таш табыттар байыркы кытай жазмасында гянь-гун (кыргыз) деп аталган урууларга мүнөздүү. Окумуштуу бул пикирин Борбордук Азиянын чыгышынан тартып Теңир-Тоого чейинки эстеликтерди изилдөө аркылуу жараткан.

Мына ошентип, Кан-Дөбө жайгашкан жер, аны курчаган өрөөн байыртадан бери адамзатты өзүнө тарткан жер болгонун археологиялык табылгалар тастыктап турат.

Тарыхый булактар боюнча талдай келгенде, орто кылымда ушул аймакта Тоң шаары жайгашкан. Биздин бул аймактар боюнча топтогон маалыматтарыбызга караганда, Тоң шаарынын аймагы Кан-Дөбө менен чектелген эмес. Түндүктө Ысык-Көлдү карай созулган. Азыркы Бөкөнбаев айылынын күн батышында орто кылымдарга таандык дубал калдыгы сакталып калган. Ушул жерден караханийлер дооруна таандык маркум бейитине орнотулуучу жазуусу бар мүрзө ташы (кайрак ) табылган. Ошону менен бирге Тоң суусунун бассейнинде араб графикасы менен жазылган таш эстеликтер да кездешет.

Жергиликтүү элдин айтымында, Туура-Суу менен Бөкөнбаев айылдарынын ортосунда илгери узун дубал болгон. Жерди өздөштүрүүдө, жол курууда алар бузулган. Ушул жердеги эл оозунда сакталып, кийин төмөндөгү айыл аттарына айланган Туура-Там, Төрт-Күл аталыштары орто кылымдардагы чептердин калдыгы менен байланыштуу экени шексиз.

Жалпысынан алганда, орто кылымдагы Тоң Барсхан аймагындагы көлөмдүү шаарлардын бири болгон. Тоң тууралуу так маалымат автору белгисиз X кылымда жазылган «Худуд ал-аламда» -чыгыштан батышка карай дүйнөнүн бөлүнүшү тууралуу китепте- берилген: «Тоң жана Талхиза– тоо арасында, Ысык-Көлгө жакын жердеги чигилдер менен халлухтардын дал чек арасында жайгашкан эки кыштак. Эли согушчан, эр жүрөк жана баатыр» (Худуд ал-Алам, 2002: 65-66). Тоо арасында жайгашкан деген маалымат Кан-Дөбөнүн жайгашкан жерине туура келет. XI кылымда түшүрүлгөн Махмуд Кашгаринин картасындагы көлдүн түштүк тарабындагы калк жашаган беш шаардын бири ушул Тоң болсо керек.



**2 сүрөт.** *Кан-Дөбөнүн курулуштары*

Тоң шаарчасына жакын аймактагы табылга Кайнар аттуу жердеги археологиялык комплекс менен байланыштуу. Бул тоо арасындагы орто кылымдарга таандык курулуштун орду, азыр бузулган, жергиликтүү калк бул жерден курулуш иштери үчүн топурак алышкан. Топуракты трактор менен казып алуу учурунда көп сандаган чопо идиштин калдыктары табылып, талкаланган экен. Жалпы курулуштарына караганда, Кайнар Караханийлер мезгилинде жер иштетүү, мал багуу чарбасы өнүккөн кыштак болгон.

Табылган чопо идиштердин калдыктарына караганда, карапа өндүрүшү жакшы жолго коюлган. Карапачылар текши бышырылган ар кандай көлөмдөгү чопо идиштерди даярдашкан. Бири-биринен айырмаланган мөөр басылган карапа идиш сыныктарына караганда, бир канча карапачылардын ишканалары болсо керек.

Кайнардан арапча жазуусу бар таш мамыча табылган. Ал маркум мүрзөсүнө коюлуучу таш азыр Тоң айылында жашаган адамдын үйүндө сакталып турат. Кайнарда жашаган адамдардын айтымында, тоо этектеринде темирдин шлагы учурайт. Бул маалыматтан улам темир иштетүү же өндүрүү ишканасынын болгонун болжоого болот.

Кайнар – азыркы учурда орто кылымдагы тектирлеп жер иштетүүнүн мүнөзүн изилдөөгө маалымат берүүчү Тескей Ала-Тоодогу бирден-бир маанилүү объект, байыркы, орто кылымдардагы тектир жасоо, жер кыртышын сактоо, өсүмдүк эгүү боюнча көөнөргүс булак. Ал тектирлерди мөңгү, жаан-сууларын топтоп сугаруу ыкмаларын да изилдөө келечектүү. Ошондуктан бул жердеги эстеликтерди коргоо боюнча жергиктүү эл жана Тоң райондук кеңешинин кызматкерлери менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк.

Археологиялык изилдөөнүн усулуна (методуна) ылайык, жергиликтүү элден алган ар бир маалымат текшерилип турду. Жогорудагы Олжобай Сагымбаев агайдан алган Кайнар тууралуу маалымат жана Кан-Дөбөдөгү

мектеп окуучуларынын маалыматтары илимий пикирлердин жаралышына себепкер болду.

Кан-Дөбөнүн айланасындагы жер жеке менчикке берилген. Жер ээлери картошка, беде, эгин айдашып, сугат арыктарын чабышат. Арыктардын бири көп жылдан бери суу жеп отуруп 2м тереңдикке чейин түшкөн. Мектеп окуучулары ал арыктан чопо идиштердин калдыктарын топтогонго жардам беришти. Жасалышына караганда, алар караханийлердин учуруна жана ага чейинки мезгилге дал келет. Ушул сыяктуу айлантма чарыкта идиш жасоо, жасалгалоо X-XII кылымдагы шаарларда учурайт. Суу менен агып келген карапа сыныктары Кан-Дөбөнүн айланасындагы бузулган археологиялык маданий катмардан келгени талашсыз. Демек, кошумча изилдөөлөрдүн зарылчылыгы бар.

Окуучулардын жардамы менен Эркин-Тоо деп аталган чокунун түндүк этегинде петроглифтер катталып, сүрөткө тартылды. Сүрөттөрдө тоо теке турпаты ачык баамдалып турат. Эки сүрөттө дене мүчөлөрү адам кейпинде болгону менен биринин башы күн сыяктуу тегерек, экинчисинин башында мүйүз тартылгандай. Күн сымал адам башынын тартылышы Кыргызстан археологиясында Саймалы-Таш сүрөттөрү аркылуу белгилүү болгон эле. Мындай сүрөттөр Ош облусунун Ноокат районундагы Абшыр-Сайдан, Ысык-Көлдүн Күнгөй Ала-Тоосунан, Соң-Көлдөн да табылган. Эми ушул темадагы сүрөттүн Тескей Ала-Тоодон табылышы Күн символун туюнткан персонаждын байыркы мезгилде кеңири таралгандыгынан кабар берип турат.



**3 сүрөт.** *Чопо идиштерди тазалоо учурлары*

2011-жылкы Кан-Дөбөдөгү изилдөөлөр негизинен цитаделде жана анын айланасында жүргүзүлдү. Цитаделдин түндүк тарабында казуу улантылды. Үч таштанды төгүлүүчү чуңкур тазаланды. Биринин тереңдиги 3 метрге чукул. Ичин тазалоодо аз санда чопо идиш сыныктары табылды. Чуңкурдан күл калдыгы алынды. Экинчи чуңкурду казуу учурундагы табылгалар цитаделди казуудагы негизги табылгалар болуп калды. 0,40-0,60 см тереңдикте бир аз жерлери сынган чайнек өңдүү идиштер жана жарылган идиштердин калдыктары табылды. Кийинкилердин калдыктарды бириктирип, жалпысынан беш идиштин көлөмүн толук калыбына келтирүүгө мүмкүн болду. Ысык-Көл өрөөнүндөгү орто кылымга таандык шаарлардын чопо иштетүү ыкмалары, даярдалган идиштердин түрлөрү максаттуу түрдө изилденбей келген. Эми ал изилдөөлөр үчүн маалымат топтоло башталды десек болот.



**4-сүрөт.** *Чопо идиштерди тазалоо учурлары*

Жогорудагы чопо идиш табылган жер бир учурда тамак-аш даярдалуучу бөлмө болгон сыяктанат. Таштанды ыргытылуучу чуңкурлардан тышкары очок орду сымал кызарып күйгөн топурак калдыктары көп учурайт. Казуунун түндүк тарабындагы кесилиште эки карагай орнотулган жер белгиленди. Бул туурасынан орнотулган карагайлар бөлмө үстүндөгү жеңил учурма (навес) куруу үчүн пайдаланылгандай. Ушул белгилерге караганда, цитаделдин үстүндө эки деңгээл болгон. Бири - 2010-жылы ачылган кирпич пол төшөлгөн жогорку катмар. Экинчиси - тамак-аш даярдоо үчүн курулган үстүндө жеңил учурмасы бар бөлмө. Экөөнүн ортосундагы айырма 2 метрге жакын. Алардын ортосу тепкич менен бириксе керек. Тилекке каршы, цитаделдин орто жери бульдозер менен казуу учурунда бузулган.

Таштанды ыргытылуучу чуңкурдун бири паксадан курулган курулушту буза казылган. Ушул бузулган паксалар цитаделдин алгачкы курулушу болсо керек. Тилекке каршы, цитаделдеги казууларды тереңдетип улантуу мүмкүн эмес, себеби казылган дубалдарды консервациялоо үчүн азыр шарт жок. Казууларды качан цитадель бүтүндөй арка, чатыр, ангар сымал калканыч курулганда гана жүргүзүү талапка ылайык.



**5 сүрөт.** *Кан-Дөбө чопо идиштери*

2011-жылы Кан-Дөбө айланасында археологиялык иликтөө жүргүзүү канааттандырарлык натыйжаларды берди. Биринчи иликтөө учурунда цитаделдин чыгыш тарабындагы арыктын биринен көлөмдүү чопо идиштин капталы табылган. Казуу учурунда эки көлөмдүү карапа идиш табылды. Колго ийленип жасалган, формасы текши, жакшы жылмаланган, суюктук куюу үчүн жасалган идиштин биринин жогору жагында туткасы бар. Мындай көлөмдүү идишти чарыксыз даярдоо оңой-олтоң иш эмес. Караханий мезгилиндеги мындай көлөмдүү идиштер

айлантма чарыкта даярдалган. Эки идиштин жанынан мүйүздөн жасалган басмайылдын тогосу табылды. Мындай того эрте орто кылымдар мезгилиндеги VI-IX кылымдарга таандык түрк эстеликтеринен көп кездешет. Тогонун көлөмдүү чопо идиштер менен бир аянттан табылганына карап биз чопо идиштерди VIII-IX кылымдарга таандык деп болжолдойбуз. Кийинки кылымдардагы басмайыл тоголору көлөмдүүрөөк келет. Бул пикир башка маданий катмарлардан алынган маалыматтар менен тастыктоого муктаж.



**6 сүрөт.** *Кан-Дөбө чопо идиштери*

Эгерде VIII-IX кылымдарга туура келери аныкталса, Кан-Дөбө шаарчасынын Караханийлер гана эмес, ага чейинки, б.а., эрте орто кылым мезгилинде калк жашаган борборлордун бири болгонун далилдей алабыз. Бул пикирге Туура-Суу айылынын айланасынан табылган көлөмдүү, тыкан жасалган каган сымал айкелдердин табылышы кошумча далил болуп бериши

мүмкүн. Биз ушул айкелдердин мүнөзүнө карап, Туура-Суу жергеси Батыш Түрк каганаты учурундагы борборлордун бири болгон деген пикирди колдойбуз.

Бул жер ал гана эмес эрте темир доорунда калктуу өрөөн болгонун сүрмө жаргылчактар, чопо идиш калдыктары, сак доорундагы көлөмдүү көрүстөндөрдөгү табылгалар, маркум көмүлгөн өзгөчө көлөмдөгү таш табыттар аныктап турат. Туура-Суу өрөөнчөсүнүн орто ченинде жайгашкан Эркин-Тоо аттуу тоо чокусунун үстүндөгү таштан курулган жолчолор байыркы мезгилде аткарылган салтанат өткөрүлгөн жер болгонун көрсөтүп тургандай. Ал жерден өрөөн алаканга салгандай көрүнөт. Эркин-Тоонун үстү көп сандуу калктын аткарган салтанатына, ырым-жырымдарына көз салууга ылайыктуу жер.

Биздин 2012-жылы уланта турган ишибиз Совет мезгилинде курулган чөп тоютун сактоо үчүн курулган чуңкурларды (сенаж, силос чуңкуру) изилдөө болуп эсептелет. Узундугу 40 м келген эки удаа чуңкурдун ортосундагы аралчада чопо идиштердин калдыктары, сокмо дубалдын калдыгы, чарбалык чуңкур ордулары табылып изилденди. Үстүңкү катмарлары текши бузулган. Алдыңкы катмарларынан айлантма жаргылчак, шимек өңдүү чанда кездешүүчү табылгалар кездешти. Ушул аралчада казуунун улантылышы зарыл, себеби жер ээлери курулуш ишин баштоону максат кылып коюшкан.

Ошондуктан аралчадагы казуу «жапырт казуу» методу менен жүргүзүлүүгө тийиш. Узундугу 40 метрге, туурасы 7 метр болгон аралчаны казууда үй курулуштары ачылат. Бир эмес эки-үч мезгилди камтыган археологиялык маданий катмар ачыларын 2011-жылдагы алгачкы казуулар көргөздү.



**7-10 сүрөттөр.** *Кан-Дөбө чопо идиштери*

Экспедициянын соңку мезгилинде Кан-Дөбөнүн батыш тарабында жайгашкан Кызыл-Тоонун түштүк этегинде XIII-XIV кылымдарга таандык көрүстөн ачылды. Жанындагы жер үстүнөн көрүнгөн таштарга караганда, ушул жерде дагы жер кыртышына көмүлгөн мүрзөлөр бар. Булар болжолу эрте орто кылымдарга таандык жылкысы же жылкынын айрым мүчөлөрү менен кошо көмүлгөн көрүстөндүн ордуна казылган. Казуу учурунда үстүңкү катмардан жылкы сөөктөрү табылган. XIII-XIV кылымда мурдагы

маркумдун сөөгүн бир жерге чогултуп коюп жаңы көмүлө турган маркум үчүн жай даярдашкан. Ушул сыяктуу мисалдарды азыркы кыргыз этнографиясынан да кездештирүүгө болот. Кээде жай казып жатканда, эски адам сөөктөрү чыгып калса, кайра орун которуп жаңы жай казбайт. Табылган адам сөөктөрү топтолупп, куран окулуп, жайдын бир тарабына көмүлөт да, жай казуу улана берет.

Көрүстөндөн түндүктү баштанган аялдын сөөгү тазаланды. Жанынан койдун жото жилиги табылды. Ушул жиликти маркум жанына жайгаштыруу эрте орто кылымдагы түрк маданиятында калыптанып, XIV-XV кылымга чейин уланган (Табалдиев, 1996: 113; 2011: 250-260).

Экспедициянын акыркы маалыматтары Кан-Дөбө жайгашкан өрөөндүн батыш тарабындагы Кош-Дөбөнүн этегиндеги эстеликтердин бирин казуу учурунда алынды. Көлөмдүү жалпак таштар тикесинен коюлуп курулган коргончонун бири казылды. Жер кыртышынын үстүңкү катмары алынгандан кийин алдынан көмүлүп калган чуңкур, курулуш белгилери табылган жок. 2011-жылы бул обьектте казуу ушуну менен токтотулду. Быйыл ушул эстеликти казуу улантылып, табылгалар аркылуу Кош-Дөбөдөгү таш коргончолордун мааниси ачылары күтүлүүдө.

Коргончолорго жакын жерлерде текшерүү шурфтары казылды. Бир шурфтан таш дооруна таандык курал табылса, экинчисинен таштан тизилген тегерек курулуштун бир бөлүгү ачылды.

Кош-Дөбөнүн түштүк этегинде түрк каганаты мезгилине таандык маркум жоокерге, уруу мүчөлөрүнө арнап тургузулган коргончолор жайгашкан. 4-5 катар тизилген чакан коргончолордун орду жээгиндеги тикесинен тургузулган таштары аркылуу баамдалып турат. Орто кылымдагы түрк урууларынын салты боюнча, маркумдун жылдыгында

төрт чарчы коргончо курушуп, анын батыш тарабына айкел орнотушкан. Кош-Дөбө коргончолорунда айкелдер көрүнбөйт.

Ушул сыяктуу коргончолор Кош-Дөбөнүн батыш тарабында да бар. Алар дагы түрк каганаттары учурундагы маркум жоокерге арналган эстелик болуп саналат.

Жакын жерде сак мезгилине таандык көлөмдүү көрүстөн жайгашкан. 1970-жылдары археологдор тарабынан казылган бул мүрзөлөр жергиликтүү сактардан чыккан мартабалуу адамдар үчүн курулган.

Өрөөндүн батыш учун курчаган аска таштарда кеминде 2 миң жыл илгери тартылган бугу, эчки-текелердин сүрөттөрү кездешет. Айрыкча узун мүйүзү дарак шактары сымал тартылган бугу сүрөттөрү көңүлдү бурат. Алар көлөмдүү, бийиктиги 80 см чейин жетет. Калган сүрөттөрдө тоо текелер чагылдырылган. Бардык сүрөттөр капталынан турган жаныбарды элестетет. Айрымдары силуэт сымал, кээ биринде жаныбардын дене мүчөлөрү шартуу чийиндер менен гана берилген. Ушул сүрөттөр табылган тоо этегинде байыркы таш курулуштардын орду даана баамдалып турат. Айрымдары мал камала турган таш короолорго сыяктанат. Кээ бирлери турак-жай болушу мүмкүн. Айрымдары ырым-жырым аткарыла турган жер болушу мүмкүн.

Ушул өрөөндөгү аска таштардын бетиндеги сүрөттөр, белгилер менен таанышуу учурунда төрт чарчы, бир тарабы арка сымал көлөмдүү сүрөт табылды. Салыштырганда мусулман кайрак таштарындагы жазууну сыртынан курчаган чийиндерди элестетет.

Ушул Кош-Дөбө жергесинен табылган эки таш айкел сүрөткө тартылып, биринин көчүрмөсү мекалент кагазына тартылып алынды. Айкелдер оң колуна идиш, сол колуна кылыч кармаган жоокерди элестетет.

Сапатсыз гранит таштарга чегилгендиктен, көп жерлери бузулуп, кырылып калган. Баш кийимдери жана башка кошумча белгилери билинбейт.

Кош-Дөбөнүн күн батыш тарабындагы казууларда таш дооруна таандык таш курал табылды. Ал табылга азырынча өрөөндөгү эң байыркы адам изин аныктаган табылга болуп саналат.

2011-жылы дем алыш күндөрдүн биринде 2010-жылы археологиялык чалгындоо учурунда Олжобай Сагынбаев агай менен бирге тапкан көрүстөндү казып, мезгилин аныктап, маркумду көмүү салты боюнча маалымат алдык. Көрүстөн жол куруу учурунда жарым-жартылай бузулган. Тазалоо учурунда жылкысы менен бирге көмүлгөн маркум сөөгү табылды. Жылкынын башы түштүккө, маркум сөөгү түштүккө багытталып көмүлгөн. Маркум жармоо кырдө, жылкы анын ооз жагына жайгаштырылган. Маркум жанынан койдун жото жилиги жана жыгач кынга салынган темир бычак табылды. Жылкы менен бирге көмүү адаты VI-IX кылымдарда ушул жерде жашаган түрк тилдүү Батыш Түрк каганатынын түрктөрүнө таандык (Худяков & Табалдиев, 2008: 66).

Туура-Суу айылынын тегерегиндеги археологиялык эстеликтерди аныктоо күндөрү бузулуп жок болуу коркунучунда турган эстеликтер катталды. Мисалы, Ак-Дөбө аттуу жерде жылкысы менен бирге көмүлгөн бузулган көрүстөн катталды. Келерки жылы ал эстелик орду изилдениши зарыл. Ушул сыяктуу эстеликти табуу зор кыйынчылыкты туудурат. Кан-Дөбө жайгашкан өрөөндүн тоо этектериндеги таштуу жерлерде жайгашкан сак-усун мезгилиндеги көрүстөндөр үчүн бузулуу коркунучу жок. Алардын арасында көп кездешүүчү тегерек көлөмдөгү сак-усундар доорундагы кургандар көп. Кош-Дөбө жергесиндеги сүйрү көлөмдөгү кургандар айырмаланып турат. Жергиликтүү элдин айрым өкүлдөрүнүн ичинен жол куруу учурунда ачылып калган маркум сөөктөрүн кайра казып

көмүүнү суранган учурлар болду. Ал караханийлер мезгилиндеги ачылып калган мүрзөлөр экени аныкталды.

Топтолгон көп сандуу археологиялык маалыматтарды ирееттештирүү, графикалык сүрөттөрүн тартуу уланууда. Кан-Дөбөдөгү биздин археологиялык казууларга университетибиздин тарых бөлүмүнүн студенттери катышып, талаа изилдөөлөрүн өздөштүрүп жатышат. Алар казуудагы негизги күч болуу менен бирге чопо идиштерди ирееттөө, реконструкциялоо жана археологиялык чалгындоо иштерин өз алдынча аткара башташты.

Туура-Суу жергесинин саздуу жерлери жайкысын ат кулактар бышканда кызгылтым түскө бөлөнөт. Ушундан улам усундар бийлиги өнүп-өскөн мезгилде курулган Кызыл өрөөндөгү шаар (Чигу-чен) ушул жерде болгонбу деген ой туулат. Бирок бул - биздин божомол. Теңир-Тоонун аркы тарабынан Бедел ашуусу аркылуу ашып келген кытай кербенчилери «ушул мурдагы Чигу шаарынын урандысы» деген маалыматына дал келген жагдайлар да бар. Алар келечекте кошумча далилдер аркылуу тастыкталмакчы.

**Адабияттар**

(1975). Археологические памятники Приисcыккулья. Фрунзе.

Атаоглы Р., Табалдиев К., Ашык А. & Белек К. (2010). Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги археологиялык казуулар. Бишкек.

Мухаммад ибн Наджиб Бекран. (2002). Жахан-наме (персчеден которулган). *Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары*. Бишкек.

Сушкова Ю. (2008). Привет от женщины–воительницы. *Вечерний Бишкек. 5 декабря*. Бишкек.

Табалдиев К.Ш. (1996). Курганы средневековых кочевых племен Тянь-Шаня. Бишкек.

Табалдиев К.Ш. (2011). Древние памятники Тянь-Шаня. Изд. Центрально–азиатского университета. Бишкек.

Худуд ал-Алам (2002). Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары. Бишкек.

Худяков Ю.С. & Табалдиев К.Ш. (2009). Древние тюрки на Тянь-Шане. Новосибирск.